Инв. № ~~964~~

~~Инв. №964.~~

САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ.

"С Е Й Т Е К"

Д– 11.

Институт языка, литературы и истории
Рук.
№ 143
1979 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № ~~964~~
9/II 47 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
179 сп.

оолук канда кайран жан,
Ааламга жаңжал салчу элек.
Бет алышкан душмандан,
Берен көк жал баранда,
Мээсин ташка какчу элек.
Каалаганда бул башка,
Кадыр түн оңдуу туу кайда.
Караан кылып олтурган,
Канкор оңдуу шер ~~нар~~кайда.
Амандаш-бай кош-тош-бай,
Кай жака сапар баштадың.
Ак калпак кыргыз журтуңду,
Кайда каран таштадың.
Арстан ат тап чага алкыс.
Аркайган ашуу бел элең.
Аргымак ат тап өтө алкыс,
Толкуган дайра көл элең.
Оң жагыңда орусту,
Кыр жагыңда Кытайды.
Маңдайыңда барыңды,
Сактаган коргон чеп элең.
Журт чуркурап кайрылып,
Белгилүү шерден ~~аз~~ айрылып.
Куйругу жок жалы жок,
Сопой болгон экенбиз.
Муйуздуу ерден айрылып,
Токол болгон экенбиз.
Күзкү чөптөй кубарып,
Оңбой калган экенбиз.
Калк жайлаган кан жайлоо,
Кастарлай көчүп бээ байлап,
Буга конбой калган экенбиз.
Суу жайылган тей тегиз,
Ойдой болгон экенбиз.
Кой чусунан айрылган,
Койдой болгон экенбиз.
Ушу турган кайран эл,
Айкол шердин барында,

2467

Алатоо жердеп малайдап,
Конуп жаткан эл эле.
Күндүзү куугу түндө ойун,
Болуп жаткан эл эле.
Башындагы суусар бөрк,
Кимдер кийгеп кийбеген.
Доолот бакты барында,
Кими куркурот журбогон.
Баатыр шерди көргөндө,
Андыгап душман сурдогон.
Үйрү марал кумуш так,
Журт куздогон бел кайда.
Үзүлгөндү улаган.
Чачылганды жыйнаган,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизген,
Кара кыргыз элине,
Нар экенин билгизген,
Ала аскардай бел эле.
Ааламдан ашкан шер эле,
Айкөл карап турганда,
Ала тоолук кыргызка,
Азат кайда деер эле.
Алыстай сапар башы тайсыз,
Арыстан сынду каарман шер.
Ата-тана чыгып сапарга,
Айылды карап таш-тайсыз.
Кобак кагып каш керип,
Андай-мындай дегинче,
Бул журттун кудай урасы.
Асыл шерден айрылып,
Оорулдогон бул журт ту,
Орт өчкөндөй калабы.
Кагандын эли калың журт
Көп түгү толук калак журт.

Кутурса кудай урабы.
Күп жаңжаңды кылабы.
Кубат ту. Шерден айрылып
Курчап бизди кырабы.
Ушунтуп кудай урабы.
Качып кирер токой жок.
Караан ногой жок.
Бекип жатар кан ~~болду~~ Белгиси жок
Жеңет азат мушкулдодон,
Ажыратып алуучу,
Белгилүү көк жал шери жок.
Ушундай болот дүйнөсөк.
Айкөл шерден айрылгап.
Кара кийип кан жутуп.
Көз байлану караңгы,
Түндө калган экенбиз.
Ай акылдай адам баскысаз,
Адам зат чадап баскысаз.
Чөлдө калган калган экенбиз.
Ешиги жок тору жок,
Көрдө калган экенбиз.
Ееси жок кайран журт,
Түбү терең болгогус,
Чөлдө калган экенбиз.
Калк шат таманы элконгон,
Айкөл шерден айрылган,
Айлы кандай болуп чу,
Айла кандай болуп чу.
Курулай көзүн кыскан көп,
Күлжүңдөгөн душман көп.
Калайман салчу менде көп.
Ата кыргыз уулудеп,
Бизге кеменип жүргөн эдекон.
Калың [illegible]р курап эл чулап

Калайыктар куйунуп,
Элдин баары буржуккан,
Эмчек тартып чуркуган,
Эл чуркуган куйунуп,
Эсил ойрон беш кан жал,
Чын кетери билинип,
Эл жаманын туңулуп,
Адамдын баары куйунуп,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Беттеп душман келбеген,
Төрт улуктуу калың мал,
Жери жайнап чачылган.
Малы жанын коргондо,
Душман дели басылган.
Беттеп адам келбеген,
Бет алып душман жеңбеген,
Берекелүү кайран эл,
Бөлөгү кырка конушкан.
Бейли менен болушкан,
Эл жайлоого жайлашкан,
Карын куйрук чайкашкан.
Каралбаган жоо келсе,
Камчантай куул айдаган.
Бөлөкө чачан жайлаган,
Тулпаты жулпар байлаган.
Бет алышкан кас душман
Бытка салоку кайнаган.
Каршы келген душмандын,
Карааңдар аман барында,
Жоргалардын аман чагында,
Калың суудай токчу элек.
Каарлуу чын жин кармаса,
Калың суудай токчу элек.